DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-319-325
УДК: 94(575.2)

***Муканбетова Р. Б.,*** *тарых илимд. канд.*
*rmukambetova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-8675-5069*
***Ибраев Ч. Т.,*** *ага окутуучу*
*ibraev@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0005-1885-8587*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКТТҮҮЛҮГҮНҮН ТҮПТӨЛҮШҮНӨ САЛЫМ КОШКОН БЕЛГИСИЗ ИНСАН

*Бул макалада XX кылымдын 20-30-жж. Кыргыз мамлекттүүлүгүнүн түптөлүшүнө салымдарын кошкон миңдеген адамдар сыяктуу эле көпчүлүккө белгисиз болгон инсан тууралуу баяндалат. XX к. башында төрөлгөн С. Исмаилов жаш кезинен тагдырдын бардык кыйынчылыктарын жана бурулуштарын башынан өткөргөн.* Ал *кедей-дыйкандын үй-бүлөсүнөн чыккан жана ата-энеден эрте айрылып, оор турмуштун запкысын көп чеккен. 8 жашынан баштап ар кандай жумуштарда жалчы болуп иштеген. 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүш учурунда Кытайга бир туугандары менен бирге качкан. Совет бийлиги орногондон кийин ал Кыргызстанга кайтып келип, советтик-партиялык мектептен билим алган. Ар түрдүү жооптуу партиялык кызматтарда иштеген. С. Исмаилов Кыргыз ССРинин түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө өз салымын кошкон. 1938-жылы ал «Социал-туран партиясына» тиешелүү деп жана тыңчылык, улутчулдук ж. б. дагы башка бир катар ойдон чыгарылган айыптар менен камакка алынган. Ошол эле жылы ага өлүм жазасы – атуу өкүмү чыккан. 1958-жылы С. Исмаиловдон бардык айыптар алынып, өлгөндөн кийин акталган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *репрессия, Кыргыз АССР, Отуз-Уул айылы, Каракол, Кытай, Совет бийлиги, партиялык уюм, райком, катчы.*

***Муканбетова Р. Б.,*** *канд. истор. наук, доцент*
*rmukambetova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-8675-5069*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
***Ибраев Ч. Т.,*** *ст. преподаватель*
*ibraev@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0005-1885-8587*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ВКЛАД НЕИЗВЕСТНОЙ ЛИЧНОСТИ В СТАНОВЛЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ

*В данной статье авторы показывают неизвестное в широких кругах имя, как и в принципе тысячи других лиц участвовавших в становлении кыргызской государственности 20-30 гг. XX века. С. Исмаилов, родившийся в начале 20 столетия, с малолетнего возраста познал все тяготы и перипетии судьбы. Он рано потерял родителей, которые происходили из крестьян-издольщиков. С 8 лет он работает наёмным разнорабочим у кулаков, выполняя самые различные тяжёлые работы. Во время национально-освободительного восстания 1916 года он вместе с родственниками совершает побег в Китай. После установления Советской власти в Кыргызстане он возвращается и получает образование в советской партийной школе. Работает на различных ответственных партийных постах. Исмаилов внёс свой*

*посильный вклад в становление и развитие Кыргызской ССР. В 1938 г. его арестовали, обвиняя в принадлежности к социал-туранской партии, а также ещё в ряде других вымышленных обвинениях - шпионаже, национализме и т.д. В этом же году ему был вынесен смертный приговор - расстрел. В 1958 г. с С. Исмаилова были сняты все обвинения, и он был реабилитирован посмертно.*

***Ключевые слова:*** *репрессия, Киргизская АССР, село Отуз Ул, Каракол, Китай, Советская власть, партийная организация, райком, секретарь.*

***Mukanbetova R. B.,*** *cand. of historical sciences*
*rmukambetova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-8675-5069*
***Ibraev Ch. T.,*** *senior lecturer*
*ibraev@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0005-1885-8587*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol city, Kyrgyzstan*

## THE CONTRIBUTION OF AN UNKNOWN PERSON TO THE FORMATION OF THE KYRGYZ STATEHOOD

*In this article, the authors show a name unknown in wide circles, as well as, in principle, thousands of other people who participated in the formation of the Kyrgyz statehood in the 20th and 30th centuries. S. Ismailov, who was born at the beginning of the 20th century, learned all the hardships and vicissitudes of fate from a young age. He lost his parents early, who came from sharecropping peasants. Since the age of 8, he has been working as a hired handyman for the kulaks, doing a variety of hard work. During the uprising of 1916, he and his relatives made an exodus to China. After the establishment of Soviet power in Kyrgyzstan, he returned and received education at the Soviet party school. He works in various responsible party positions. Ismailov made his contribution to the formation and development of the Kyrgyz SSR. In 1938, he was arrested, accused of belonging to the Social Turanian Party, as well as a number of other fictitious charges - espionage, nationalism, etc. In the same year, he was sentenced to death by firing squad. In 1958, all charges were dropped against S. Ismailov and he was rehabilitated posthumously.*

***Keywords:*** *Repression, Kyrgyz ASSR, village Otuz Uul, Karakol, China, Soviet power, party organization, district Committee, Secretary.*

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон бери мамлекеттин бардык тармактарында олуттуу өзгөрүүлөр болууда. Биздин мамлекет, баарыбызга белгилүү болгондой, демократиялык жана эркин өлкө катары эсептелинет.

Эгемендүүлүк алгандан бери Кыргызстандын тарыхында советтик доордо изилденбей, көңүл бурулбай, көмүскөдө калган көптөгөн маселелер тарыхчылар тарабынан ар тараптан изилденип келүүдө. Маселен, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түптөөдөгү инсандардын тарыхтагы орду жана ролу илимий изилдөөнүн обьектиси болууда. Совет доорундагы Кыргызстандын тарыхындагы инсан маселеси сталиндик репрессия менен байланыштуу.

СССРде Совет бийлиги орногондон бери колдонулуп келген саясий репрессиялар коом жана мамлекет үчүн олуттуу терс көрүнүштөргө алып келген. 1937-1938-жылдары миллиондогон адамдар репрессияга учураган жана түрмөгө камалган, өлүм жазасына өкүм кылынган же эмгек лагерлерине жөнөтүлгөн.

СССРдин мамлекеттик коопсуздук комитетинин төрагасы В. А. Крючков берген статистикалык маалыматтар боюнча, 1930-1953-жылдары 3 778 234 саясий туткун болгон, анын 786 098и өлүм жазасына кесилген [9]. Чынында, сталиндик репрессиядан канча адам курман болгондугу жөнүндө толук маалымат жок. Изилдөөлөр дагы да

болсо улантылып келүүдө.

XX-к. 30-жылдары Кыргызстанда он миңдеген адам репрессияланган жана атылган. 1933-жылы Кыргызстанда Коммунисттик партиянын 19332 мүчөсү болсо, ал эми 1938-жылы 6029 мүчөсү калган, б. а., алардын саны 2 эсеге кыскарган [3, 33-34-бб]. Демек, ал мезгилде партиянын мүчөсү болгон билимдүү, илимдүү кыргыз интеллигенциясы, т. а,. кыргыз элинин "каймактары" репрессияланган. Ал эми Ысык-Көл областы боюнча гана 2673 адам репрессияга дуушар болгондугу тууралуу тарых илимдеринин доктору Б. Абдрахманов өзүнүн көп жылдык иликтөөлөрүнүн негизинде маалымат берген. Бирок биз бул берилген цифраны толук, бүткөн факт катары кабыл албашыбыз керек. Анткени бүгүнкү күндө репрессия маселеси али толук изилденип бүтө элек. Тарыхчылар бул маселенин үстүндө өз изилдөөлөрүн жүргүзүп келүүдө. Келечекте дагы көптөгөн илимий ачылыштар жарык көрөт деген ишеним чоң.

Кыргызстанда сталиндик репрессиянын курмандыктары болгон 137 адам 19 улуттун өкүлү Аламүдүн районундагы Чон-Таш айылында «Ата-Бейит» улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинде коюлгандыгы баарыбызга белгилүү. 1938-жылы 6-8-ноябрда кыргыз интеллигенциясынын жүздөн ашуун өкүлү "эл душманы", "улутчул" деп күнөөлөнүп атылган. Булардын арасында кыргыз мамлекеттүүлүгүн негиздөөчүлөр да бар эле.

Биз бул макалада кыргыз мамлекттүүлүгүнүн түптөлүшүнө негиз салган Ж. Абдрахманов, А. Сыдыков, К. Тыныстанов, И. Арабаев, А. Орозбеков, И. Айдарбеков, Б. Исакеев ж. б. белгилүү инсандар менен бирге өз учурунда мамлекетибиздин өсүп- өнүгүшүнө өз салымын кошкон жана сталиндик репрессиянын курмандыгы болгон белгисиз инсан Сакмамат Исамаиловдун өмүрү жана басып өткөн жолу жана ошол тарыхый мезгил тууралуу анализ берүүгө аракет кылдык. С. Исмаилов жөнүндө айтуудан мурда кыргыз мамлекттүүлүгүн негиздөө идеялары кандай болгон жана кандай иш-аракеттердин натыйжасында ишке ашкандыгына кыскача токтоло кетели.

1918-ж. 30-апрелде Советтердин 5-крайлык съездинде Түркестан Автономиялык Советтик Социалистик Республикасы (ТАССР) түзүлгөн. Ушул эле жылы майда Түркестан автономия укугунда Россиянын курамына кирет. Кыргыздар Түркестан автономиялык областынын курамына кирүү менен 4 областка: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана жана Самаркандга бөлүнгөн, б. а., чачыранды болгон. Жети-Сууда казактар, Сыр-Дарыяда түркмөндөр, Ферганада өзбектер, Самаркандда тажиктер үстөмдүк кылган. Ал эми бул областтарда кыргыздар башка улуттарга караганда азчылыкты түзүп, көпчүлүк убакта алардын кызыкчылыктары көңүлгө алынган эмес. Ушуга байланыштуу, 1921-ж. Алматыда болгон кеңешмеде биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз областын түзүү маселесин Абдыкерим Сыдыков көтөрүп чыккан. Бирок анда бул маселе чечилбей, Казак АССРине Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областтары берилет. Бул чечим кыргыздардын саясий абалын бир кыйла оордоткон. Анткени кыргыздар мурда бир автономиялуу республиканын курамына кирсе, эми эки автономиялуу республикага бөлүнүп калмак. Бул шарт кыргыз улутундагы Жетисуунун жооптуу кызматкерлерин ага жол бербөөгө түрткөн [8,144-б.].

Мындай маанилүү учурда Жетисуу облаткаруу комитетинин төрагасы А. Сыдыков жана аткаруу комитетинин бөлүм башчысы И. Арабаев кыргыз элинин ТАССРдин чегинде өзүнүн жеке территориясына укугу бар, өз алдынча Тоолуу Кыргыз областын түзүү сунушун кайрадан көтөрүшкөн. Күрөш оор жана теңдеш эмес болгон, себеби ошол учурда өкүм сүрүп жаткан Кыргыз (Казак) АССРнин өкүм сүрө элек Кыргызстанга караганда мүмкүнчүлүгү көбүрөөк эле.

1922-ж. декабрда РКП(б) Борбордук Комитети Тоолуу Кыргыз областын түзүү

боюнча мурун кабыл алынган бардык документтерди мыйзамсыз деп жарыялап, съездди чакыруунун демилгечилери буржуазиялык улутчулдар, контрреволюционерлер деп күнөөлөнгөн. Ошентип, кыргыз элинин чектелген улуттук мамлекеттик бирикме түзүү жөнүндөгү алгачкы аракети оңунан чыкпай калган.

1923-жылы СССРде улуттук автономияларды түзүү жана улуттардын тең укуктуулугу боюнча маселелер кайра карала баштаган. Анын негизинде Түркстан АССРинин курамындагы кыргыз элине автономиялуу область статусун берип, мурункудай Түркстан АССРинин эмес, РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз автономиялуу областы болуп түзүлгөн.

Бул 1924-жылдын 14-октябрында Советтердин Бүткүл союздук Борбордук Аткаруу Комитетинин 2-сессиясынын улуттук чек араларды бөлүштүрүү жана РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областын түзүү жөнүндө токтому менен бекитилет [5, 283-б.].

Бул жерден да А. Сыдыков менен Р. Кудайкуловдун тобунун ортосунда тирешүү болгон. А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, И. Арабаевдар Кара Кыргыз Автономиялуу областы түздөн-түз РСФСРге кирсе дурус болот дешкен. Бул маселе зор кыйынчылыктар менен ишке ашкан. Анын себеби кыргыздар казактардын же башкалардын курамына кирсе, өз алдынча өнүгүүсүнө тоскоол болмок, анткени чарбалык маданий жактан окшоштуктары болгон. Эң негизгиси, алар менен теңтайлашып иш алып баруулары кыйын болмок. Экинчи топтун башында Рахманкул Кудайкулов туруп, Дүйшөналы Бабаханов, Ы. Тойчуновдор болушкан. Р. Кудайкуловду Ташкенттеги жана Алматадагы казак жетекчилери да колдошкон. Алар дагы кыргыздарды казактардын бир бөлүгү катары карашкан [9, 176-б.]. Кара-Кыргыз автономиялык областынын Кыргыз (Казак) АССРинин курамында болуусун каалашкан. Ушундай карама-каршылыктар болсо да, бул алгачкы аракеттер текке кеткен жок, акыры 1924-жылы 14-октябрда Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн (7, 144-б.). Бул большевиктер партиясынын жана совет бийлигинин улут саясатын ишке ашыруунун натыйжасында кыргыз эли кайрадан мин жылдан ашык мезгилден кийин өз мамлекеттүүлүгүнө жетишкен.

Албетте, мында Ж. Абдрахманов, А. Сыдыков, К. Тыныстанов, И. Арабаев, А. Орозбеков, И. Айдарбеков жана алардын артында турган тарыхта белгилүү жана белгисиз инсандардын салымдары зор.

«Ата-Бейит» мемориалдык комплексинде 137 адамдын ысымы тактага жазылган. Ошол 137 адамдын арасында 46-номер менен Сакмамбет Исмаиловдун ысымы турат (10, 31-б).

Бул ысым Кыргызстандын тарыхында али белгисиз. Исмаилов Сакмамбет деген ким болгон?

Ал 1908-ж. Кыргыз АССРнин Каракол районуна караштуу Отуз-Уул айылында төрөлгөн. Атасы 1897-1903-жж. ошол эле райондо Аксуйке деген айылда кулактарда бадачы болгон. 1903-1909-жылдары өзүнүн атасы менен бирдикте айыл чарбачылыгында, кээде кулактарга сезондук жумуштарга: чөп чабууда, түшүм жыйноодо жалданып иштеген. Бирок Сакмамат бир жашка чыкканда атасы күтүүсүздөн каза болот. Салт боюнча, Исмаил көз жумганда анын жесирин иниси Ысага алып беришип, ал эми анын уулу Сакмамбетти дагы бир иниси Шаакүт асырап алат [1, 191-б.] Анткени энеси оорудан 1915-жылы каза болот. Ошентип, ата-энесинен айрылган Сакмамбет 1916-жылга чейин атасынын бир тууган инисинин колунда болуп, алар менен бирге жашап калган.

Сакмамбет Исмаилов өздүк баракчасында атасы жети бир тууган, анын ичинен 4 эркек бир тууганы болгонун жана аларга тиешелүү 1 ат, бир үй жана 2 гектарга

жакын жери бар экендигин көрсөткөн [11].

1916-жылы Кыргызстандагы улуттук-боштондук көтөрүлүштө атасынын бир тууганынын үй-бүлөсү менен бирдикте Кытайга качкан. Ал жерде Текес, Кашкардагы дунган байларынын чайханасында жалданып иштеп жан багат. Ушундай оор күндөрдө чоң турмушка эрте аралашып сегиз жашында жалчы болуп жалданат [1,192-б.]

Октябрь революциясынын жеңиши кыргыздар үчүн да зор маанилүү окуя болгон. Кыргызстанда Совет бийлиги 1917-жылдын аягы – 1918-жылдын ортосунда толук орнотулган жана кыргыз элине бир топ өзгөрүүлөрдү алып келген.

Совет бийлигинин саясатынын ишке ашышынын негизинде, 1916-ж. Кытайга качкан кыргыздардын кайтып келүүсүнө чоң жардам көрсөтүлгөн. 1917-ж. майга карата 64 миңдей адам өз мекенине кайтып келген [2, 267-б.]. Өз мекенине кайтып келгендердин арасында Сакмамбет Исмаилов да бар эле. Бирок Кыргызстанга келгенден кийин дагы да болсо алардын абалы оор бойдон калган. Анткени өлкөдө граждандык согуш болуп, басмачылык кыймыл күчөп жаткан. Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу өтө кыйын жана өзгөчө шарттарда жүргүзүлгөн. Себеби өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээли жай болушу, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн сабатсыз болушу, большевиктер партиясынын таасиринин аздыгы, падышачылыктын колониялык саясатынын натыйжасында кыргыздар менен орустардын ортосундагы терс мамилелер жаңы бийликтин орношуна тескери таасирин тийгизбей койгон жок.

1917-жылы Кытайдан кайткандан кийин 1919-жылга чейин Каракол районунда Аксуу айылында кулактарда атасынын бир тууганынын үй-бүлөсү менен бирге жалданып иштешкен.

Өздүк баракчасын толтурууда атасынын бир туугандарынын шайлоо укуктарынын болгондугун, ак армияда кызмат кылбагандыгын белгилеген [11]. Атасынын бир тууганы Каракол районунда Бауман атындагы совхоздо жумушчу комитетинин председатели, партиянын мүчөсү, ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун мүчөсү болгон. Ал эми атасынын дагы эки бир тууганы ошол эле Отуз-Уул айылында Кызыл-Туу колхозунда колхозчу болуп иштешкен.

Тарыхчы Ж. Байдилдеев белгилегендей, совет өкмөтүнүн шарданы тийип, 1921-1924-жылдары Каракол шаарындагы балдар үйүндө тарбияланат. Ал жерде 2 группаны бүтөт. 1924-жылдан баштап Каракол шаарында жети жылдык мектепте окуйт. 1927-жылы 4 классты аяктайт. 1927-жылдан 1929-жылга чейин Фрунзе шаарында советтик партиялык мектептен билим алат.

Партияга 1928-жылы 16-декабрда Фрунзедеги партиялык уюм тарабынан кабыл алынган. Фрунзедеги шаардык комсомол тарабынан Ш. Чcraftныбаев жана ортонку партиялык мектептин студенти Быстряков жолдомо берген.

Жогоруда белгилеп өткөндөй, Сакмамбет Исмаилов 1916-жылы Кытайга баргандан 8 жашынан баштап иштеп баштаган. Кыргызстанга келгенден кийин 1924-1927-жылдары кулактарга жалданып иштеген жана кышкы мезгилде мектепте окуган.

Советтик партиялык мектепти аяктагандан кийин 21 жашында Ош округдук аткаруу комитетинде инструктор, ошол эле жылы Жалал-Абад райкомунун инструктору, Сүлүктү райоткомунун жоопту катчысы, 1931-1932-жыдары Комсомолдун Аламүдүн райкомунун биринчи катчысы, ВЛКСМ Кыргыз обкомунун маданий агартуу бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалайт [1, 129-б.].

Түштүктөгү жер суу-реформасын жүргүзүү убагында Сакмамбет Исмаиловдун тажрыйбасы эске алынып, 1932-1933-жылдары ВКПнын Алай-Гүлчө райкомунун маданий агартуу бөлүмүнүн башчысына дайындалат.

1933-ж. 1-июлдан 1935-жылдын 1-февралына чейин Ысык-Көл МТСнин саясий бөлүмүнүн жардамчысы, 1935-ж. май айынын баштап саясий бөлүмдүн башчысынын

партиялык иш боюнча орун басары кызматын аткарган.

1935-жылдын 1-февралынан баштап ВКП(б)нын Өзгөн райкомунун экинчи катчысы, ал эми 1937-жылы ушул эле Өзгөн райкомунун биринчи катчысы болгон [1,129-б.].

Исмаилов Сакмамбет Ак-Сууда орус балдар менен чогу ойноп, окуп жүрүп орус тилин дагы жакшы өздөштүрүп алган. Анын орус тилин билүүсү ар кандай кызматтарды жакшы алып кетүүсүнө чоң жардам болгон. Натыйжада, ал улам бир кызмат тепкичтерин басып жогорулаган. Бирок, тилекке каршы, ошол учурдагы жалпы саясий кырдаалга ал да дуушар болгон. С. Исмаилов 1938-жылы февралда камакка алынып, ошол эле жылдын 5-ноябрында ага атууга өкүм чыккан [1, 193-б.].

Массалык репрессиялар көпчүлүк учурда соттук иликтөө жок эле, жогорудан көрсөтүлгөн партиялык, советтик органдардын жетекчилеринин «өзгөчө кеңешмелери» аркылуу ишке ашкан.

С. Исмаиловдун аялы Сүйдүм Кененбаева Кыргыз АССРнин Кант районунан кедей-дыйкандын үй-бүлөсүнөн чыккан. 1934-жылы Фрунзе шаарындагы ВКСХШнын комсомолдук бөлүмүнүн курсун аяктаган жана Өзгөн шаарында газетанын редакциясында жалпы бөлүмдүн башчысы болуп иштеген. С. Исмаилов камакка алынганда, ал 22 жашта жана уулу Мелис 7 айлык болгон. Бул маалыматтарды С. Исмаилов камактагы өздүк баракчасында белгилеген. Кийинки алардын тагдыры жөнүндө эч кандай маалыматтар жок.

С. Исмаилов Кыргызстан КП(б)нын Борбордук Комитетинин мүчөлөрү Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, А. Орозбеков, А. Жамансариев, Сраждин Сарманов, Эркинбек Эсенаманов, Осмонкул Алиев ж. б. кыргыздын белгилүү инсандары менен бирдикте «Социал-туран партиясынын» мүчөсү деп айыпталган. Ал эми чынында бул партия болгонбу же жокпу деген маселе да бар. Мындан сырткары, С. Исмаиловго кандай айыптар коюлган:

- райкомдун секретары кезинде партия менен өкмөттүн иш-чараларын үзгүлтүккө учураткан;
- райондун жоопту кызматкерлерин негизги иштеринен алагды кылып, зарылчылдыгы жок жумуштарга мажбурлаган;
- «Социал-туран партиясынын» бети ачылган мүчөлөрүн жана өз кишилерин колдоп, жооптуу кызматтарга тарткан;
- 1932-жылдын август-сентябрь айларында колхоздоштуруу мезгилинде Алай-Гүлчө райкомунун инструктору катары мамлекетке каршы душмандык үгүттөрдү жүргүзүп, кедей чарбаларды кулакка тартуу менен коркуткан. Натыйжада, кысымга чыдабай Сары-Булак жана Капчыгай айыл советтеринин 40 түтүн эли Кытайга качып кетишкен;
- өз убагында адамдарды суу жетпеген, өндүрүмсүз жерлерге отурукташтырган, мамлекетке эгин төкпөгөндүгү үчүн Сары-Булак айыл кеңешинин 12 колхозчусун камакка алган;
- басмачы Шаменовду ж. б. колдогон, байланышта болгон;
- антисоветтик, буржуазиялык бай-манаптардын тукумдарынан, басмачылардан, улутчулдук мүнөздөгүлөрдөн «Социал-Туран партиясына» тартууга башкалар сыяктуу эле катышкан. Тескерисинче, Совет бийлигине берилген 13 коммунистти партиядан чыгарган [1, 194-б.] деген сыяктуу бир канча күнөөлөр коюулган. Натыйжада, С. Исмаилов 58-2, 58-7, 58-8, 58-11 статьялар менен айыпталып, кийин 1958-жылдын 13-февралында СССР Жогорку Сотунун аскер коллегиясынын №4 н-012882/57-

аныктамасы менен акталган [1, 196-б.].

С. Исмаиловго коюлган күнөөлөр № 4503-тергөө делосунун 37-пунктунун 197-бетинде көрсөтүлгөн [4, 174-б.].

Демек, Сакмамбет Исмаилов – учурунда Кыргызстанда Совет коомунун пайдубалын түптөөгө, анын андан ары өнүгүшүнө өз салымын кошкон белгисиз ысымдардын бири. Өзгөчө, Кыргызстандын түштүк регионунда ар кандай партиялык кызматтарда иштеп, жер-суу реформасынын ишке ашышына жана калктын жалпы экономикалык, социалдык жактан өсүп-өнүгүшүнө зор салымын кошкон. Анын өмүр баяны оор мезгилди башынан өткөргөн жана репрессияга туш болгон көптөгөн адамдардын тагдырын чагылдырат. С. Исмаилов ар кандай жооптуу партиялык кызматтарда иштеп, бардык кыйынчылыктарды жеңип, билимге жетише алган. Ал Кыргыз ССРинин өнүгүшүнө активдүү катышып, социалисттик коомдун курулушуна өз күчүн, жанын аябастан эмгек кылган.

Ж. Абдрахманов, К. Тыныстанов, А. Сыдыков, И. Арабаев сыяктуу улуу инсандардын артында Сакмамбет Исмаилов сыяктуу мекенчил, эл-жерин сүйгөн, эл үчүн жанын аябаган көптөгөн мыкты инсандар турган. Мындай инсандар кыргыз элинин өз мамлекеттүүлүгүнө жетишкен сон, кыргыз мамлекетинин андан ары саясий, экономикалык, социалдык жана маданий жактан гүлдөп өнүгүшүнө зор салымдарын кошушкан. Кийинки келечек муундар Кыргызстандын тарыхындагы мындай инсандардан үлгү алышы керек.

**Адабияттар:**

1. Байдилдеев, Ж. Кайра жанган ысымдар [Текст] / Ж. Байдилдеев. - Бишкек, 2010.

2. Осмонов, Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) [Текст] / Ө. Ж. Осмонов, А. А. Асанканов. - Бишкек, 2001. - 518 б.

3. Абдрахманов, Б. Д. Политические репрессии в Киргизской ССР в 1937-1938 гг. [Текст] / Б. Д. Абдрахманов // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2021. - № 50-1. - С. 34-44. - EDN CHDTRU.

4. Байдилдеев, Ж. Кыргызстандагы саясий куугунтуктоолор (1937-1938-жж.) [Текст] / Ж. Байдилдеев. - Бишкек, 2013. - 278 б.

5. Муканбетова, Р. Б. Тоолуу областты түзүү аракеттери [Текст] / Р. Б. Муканбетова // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2015. - № 40-1. - Р. 281-284. - EDN NOVDTF.

6. Курманов, З. Абдыкерим Сыдыков: личность и история [Текст] / З. Курманов, Э. Садыков. - Бишкек: Шам, 2002, - 228-б.

7. Муканбетова, Р. Б. Роль личностей в становлении кыргызской государственности [Текст] / Р. Б. Муканбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2016. - № 11-1. - С. 144-146. - EDN WWXAST.

8. История кыргызов и Кыргызстана [Текст]. - Бишкек: Илим, 1994. - 328 б.

9. Хелимская, Р. Тайны Чон-Таша [Текст] / Р. Хелимская. Бишкек: Илим, 1994. -144 б.

10. http://repression.archive.kg/.

11. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%A1%D1%82%D0%B0%D0%BB%D0%B8%D0%BD%D1%81%D0%BA%D0%B8%D0%B5_%D1%80%D0%B5%D0%BF%D1%80%D0%B5%D1%81%D1%81%D0%B8%D0%B8